**2013-жылдын 18-апрелиндеги № 55 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

# “Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоо киргизүү тууралуу

| | |
|---|---|
| 2013-жылдын 28-мартында | Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган |

**1-берене.** “Кыргыз Республикасынын Ички иштер органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Ведомосттору, 1994-ж., № 3, 76-ст.) төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоо киргизилсин:

**1.** Мыйзамдын мамлекеттик тилдеги бүткүл тексти боюнча ар түрдүү жөндөмө формаларындагы “финансылоо”, “гарантиялары” деген сөздөр тиешелүү жөндөмөлөрдөгү “каржылоо”, “кепилдиктери” деген сөздөргө; “гарант”, “гарантиясы”, “гарантияланат”, “гарантиялардын”, “гарантиялуу”, “гарантияланган” жана “өлгөн” деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша “кепил”, “кепилдиги”, “кепилденет”, “кепилдиктердин”, “кепилдиктүү”, “кепилденген” жана “каза болгон” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2.** 1-статьянын 2-бөлүгүндөгү “Бишкек шаарынын” деген сөздөр “Бишкек жана Ош шаарларынын” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**3.** 2-статьянын 1-бөлүгүнүн 5-абзацындагы “, эсепке алуу – каттоо жана экзаменден өткөрүү иштерин” деген сөздөр алып салынсын.

**4.** 5-статьяда:

мамлекеттик тилдеги 3-бөлүгүндөгү “командачысы” деген сөз “кол башчысы” деген сөздөргө алмаштырылсын;

4-бөлүгүндөгү “Бишкек шаарынын” деген сөздөр “Бишкек жана Ош шаарларынын” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**5.** мамлекеттик тилдеги 6-статьядагы “нормативдик актылары” деген сөздөр “ченемдик актылары” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**6.** 8-статьяда:

1-бөлүгүндө:

8-пунктунда:

-мамлекеттик тилдеги “нормативдердин” деген сөз “ченемдердин” деген сөзгө алмаштырылсын;

-“автомототранспорт каражаттарын каттоого жана эсепке алууга, транспорт каражаттарын башкаруу укугуна экзамендерди алууга жана айдоочулардын күбөлүктөрүн берүүгө,” деген сөздөр алып салынсын;

13-пунктундагы “эркинен ажыратуу менен байланышпаган жаза чараларына соттолгон адамдар эркинен ажыратуу өкүмүнүн аткаруу мөөнөтү узартылган адамдардын үстүнөн” жана “жүргүзүүгө, ошондой эле аларга контролдук” деген сөздөр алып салынсын;

мамлекеттик тилдеги 16-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“16) кармалган жана камакка алынган адамдарды кайтаруу жана конвой менен коштоп жүрүү;”;

мамлекеттик тилдеги 19-пунктундагы “жеке детективдерге жана жеке детективдик” деген сөздөр «жекече детективдерге жана жекече детективдик” деген сөздөргө алмаштырылсын;

мамлекеттик тилдеги 4-бөлүгүндөгү “кылмыш кылган” деген сөздөр “кылмыш жасаган” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**7.** Мамлекеттик тилдеги 9-статьяда:

2-пунктундагы “кылмыш кылды” жана “ким экендигин” деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша “кылмыш жасады” жана “өздүгүн” деген сөздөргө алмаштырылсын;
19-пунктундагы “финансы-кредит” деген сөздөр “каржы-кредит” деген сөздөргө алмаштырылсын;
22-пунктундагы “кылмыш кылган” деген сөздөр “кылмыш жасаган” деген сөздөргө алмаштырылсын;
26-пунктундагы “нормативдердин” деген сөз “ченемдердин” деген сөзгө алмаштырылсын;
28-пунктундагы “жеке детективдердин” деген сөздөр “жекече детективдердин” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**8.** Мамлекеттик тилдеги 10-статьяда:

4-бөлүгүндөгү “эч ким тийгис” деген сөздөр “кол тийгис” деген сөздөргө алмаштырылсын;

5-бөлүгүндө:

-бөлүк “органдарынын” деген сөздөн кийин “кызматкеринин” деген сөз менен толукталсын;

-“талаптары аткарылбоо” деген сөздөр “талаптарын аткарбоо” деген сөздөргө алмаштырылсын;

6-бөлүгүндөгү “көргөзмөсү” деген сөз “көрсөтмөсү” деген сөзгө алмаштырылсын.

**9.** Мамлекеттик тилдеги 11-статьянын 3-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

“Эгерде алар акталган кесиптик тобокелдик абалында жасалса, ички иштер органдарынын кызматчысынын сыртынан караганда укукка каршы жосундун белгилерине туш келүүчү аракеттери мыйзам бузуу деп табылышы мүмкүн эмес. Эгерде жасалган аракет түзүлгөн жагдайлардан объективдүү келип чыкса, ал эми мыйзамдуулук максатка мындай аракетти жасабастан жетишүүгө мүмкүн болбосо жана тобокелдикке жол берген ички иштер органдарынын кызматчысы түзүлгөн жагдайда келтирилген зыянды болтурбоо үчүн мүмкүн болгон чаралардын баарын көрсө, тобокелдик акталган деп табылат.”.

**10.** Мамлекеттик тилдеги 14-статьянын 1-бөлүгүнүн 4-пунктундагы “участокторуна” деген сөз “тилкелерине” деген сөзгө алмаштырылсын.

**11.** Мамлекеттик тилдеги 16-статьяда:

1-бөлүгүндөгү “квартиралык телефон” жана “квартирасына” деген сөздөр тиешелүүлүгүнө жараша “үй телефону” жана “батирине” деген сөздөргө алмаштырылсын;

3-бөлүгүндөгү “норма” деген сөз “ченем” деген сөзгө алмаштырылсын.

**12.** Мамлекеттик тилдеги 17-статьянын 5-бөлүгүндөгү “өзүмдүк” деген сөз “жеке” деген сөзгө алмаштырылсын.

**13.** V бөлүмдүн аталышындагы “финансылык” деген сөз “каржылык” деген сөзгө алмаштырылсын.

**14.** Мамлекеттик тилдеги 25-статьяда:

1-бөлүгүндөгү “нормалары” деген сөз “ченемдери” деген сөзгө алмаштырылсын;
2-бөлүгүндөгү “участоктук инспекторлорго” деген сөздөр “аймактык тескөөчүлөргө” деген сөздөргө алмаштырылсын;
3-бөлүгүндөгү “нормалдуу иштеши” деген сөздөр “талаптагыдай иштеши” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**15.** Мамлекеттик тилдеги 26-статьядагы “Генералдык прокурору” деген сөздөр “Башкы прокурору” деген сөздөргө алмаштырылсын.

**2-берене.** Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**